**Талас агрардык экономикалык колледжи менен Мамлекеттик салык кызматынын Талас шаары боюнча башкармалыгы ортосундагы кызматташуу жөнүндө**

# КЕЛИШИМ №1

Талас агрардык-экономикалык колледжинин атынан директордун милдетин аткаруучу Алымкулов Бактыбек Бекболсунович, мындан ары ТАЭК, экинчи тараптан Мамлекеттик салык кызматынын Талас шаары боюнча башкармалыгынын атынан начальниги Жусупбеков Бакыт Жаныбердиевич, кийинки аталышы МСКТБ, ТАЭКнин студенттеринин окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларын уюштуруу жана өткөрүү боюнча кызматташуу жөнүндө ушул келишимди түздү:

## 1. МСКТБ төмөнкүлөргө милдеттенет:

- Жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо ТАЭК менен кызматташуу;
- ТАЭКнин окуу процессинин графигине ылайык студенттердин окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканы уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү, атап айтканда:
  - кыйла квалификациялуу кадрларды тартуу;
  - студенттерге окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүн берүү;
  - студенттер үчүн практикалык иштердин көлөмүн алдын-ала караштыруу;
  - толук кандуу практикадан өтүүлөрү үчүн материалдарды (мүмкүнчүлүккө жараша) бөлүү.
- Студент-практиканттардын эмгек тартибин сактоосуна бирдикте аракеттенүү, ошондой эле техника коопсуздугун сактоого кепилдик берүү;
- Студенттердин окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын программаларын ийгиликтүү өздөштүрүүгө жана жеке тапшырмаларды аткарууда зарыл болгон көрсөтмөлөрдү, кабинеттерди, иш-кагаздарын пайдаланууга, ошондой эле окуу адабияттар менен китепканадан пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү;
- Окуу планда каралган курстук иштерге керектүү материалдарды жыйноого жакындан жардам берүү;
- Өз ара байланыштагы ишмердикти жүргүзүү максатында ТАЭК тарабынан уюштурган жолугушууларда, өткөргөн тегерек столдо негизги кесиптик билим берүү программаларын талкуулоого МСКТБ кызматкерлери катышып, аны эмгек рыногунун талаптарына ылайык өзгөртүү, түзөтүү жана жакшыртуу боюнча сунуштарды жана сын пикирлерди берүү;
- Салык кодексинде болуп жаткан өзгөрүүлөргө ылайык ТАЭКнин кесиптик сабактардан берген окутуучуларды стажировкадан өткөрүүгө көмөктөшүү;
- ТАЭКнин окутуучулары менен бирдикте дуалдык билим берүү боюнча керектүү методикалык колдоо көрсөтүү;
- Иш берүүчү катары Мамлекеттик сынактарга катышуу үчүн МСКТБ кызматкерлерин жиберүү.

## 2 . ТАЭК төмөнкүлөргө милдеттенет:

- МСКТБ менен студенттердин практикасын уюштурууда жана өткөрүүдө өз ара аракеттенишүү;
- Окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын жетекчилери тарабынан студенттердин практикасын уюштуруу маселелери алдын ала кабарланышы жана макулдашылышы;
- Практика базасынын жетекчилерин окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын программасы менен тааныштыруу;
- Студенттердин практикасын жетектөө үчүн ТАЭКдин өкүлдөрүн жөнөтүү;

- Окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканы уюштурууда жана өткөрүүдө МСКТБнин кызматкерлери менен бирдикте студенттерге жардам көрсөтүү

**3. Келишим эки тарап кол койгон күндөн тарта күчүнө кирет жана 5 жыл бою жарактуу болот жана тараптардын макулдугу менен узартылат.**

Эки тараптын кол тамгалары:

| | |
|---|---|
| Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун м.а. | Мамлекеттик салык кызматынын Талас шаары боюнча башкармалыгынын начальниги |
| ____________________ Алымкулов Б.Б. | ____________________ Жусупбеков Б.Ж. |
| «6» сентябрь 2022-ж | «6» сентябрь 2022-ж |

# Социалдык өнөктөштүк боюнча эки тараптуу

КЕЛИШИМ №2

«6» сентябрь 2022-ж. Талас шаары

Биз, төмөнкү кол коюучулар, биринчи тараптан Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Бактыбек Бекболсунович (мындан ары ТАЭК), экинчи тараптан Талас зооналдык ветеринардык лабораториясынын директору Момбеков Илияс Байысбекович, мындан ары ТЗВЛ, эки тараптуу келишим түздүк.

**1. Келишимдин предмети:**

1.1. Талас агрардык экономикалык колледжинин "Ветеринария" адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтерин, практикалардын календардык тематикалык пландарын талдоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү;

1.2. Билим берүү программасын өркүндөтүү жана билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу максатында, Талас агрардык экономикалык колледжи студенттерге практикалардын бардык түрлөрүн өткөрү;

1.3. Студенттерге өндүрүштө иштеген атайын адистер менен бирге дуалдык, бинардык сабак өтүү боюнча кызматташуу;

**2. ТЗВЛ милдеттенет:**

2.1 ТАЭКнин сунуштаган окуу графигине ылайык студенттерге окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика өткөрүү үчүн жумушчу орун берүү жана эмгектин коопсуздугун камсыз кылган эрежеге ылайык шарттарды түзүү;

2.2. Студенттерге лабораториядагы жабдуулар , лабораторduк изилдөөлөр, анализдердин түрлөрү, лабораториядагы ар бир бөлүмдө иш алып баруусун камсыздоо;

2.4. Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика аяктаганда ар бир студентке программанын аткарылышына карата мүнөздөмө берүү;

2.5. Лабораториялык изилдөөлөр үчүн нускамалардын, жоболордун жана жаңылыктардын өзгөрүшү жөнүндө өз убагында тааныштырууга;

2.6. Колледж өткөргөн тегерек стол, жолугушууларда окуу, практика пландарды жана лабораторdук-практикалык иштерди талкууга алып, усулдук жардам көрсөтүү;

2.7.Жумуш берүүчү жана социалдык өнөктөш катары Мамлекеттик сынактарга катышуу;

**3. ТАЭК төмөнкүлөргө милдеттенет:**

3.1. Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика башталганга чейин окуу,өндүрүштүк квалификациялык практиканын программасын жана аны өткөрүүнүн календардык графигин жана студенттердин тизмесин сунуштоо;

3.2. КР билим берүү стандартынын, окуу планынын негизинде "Ветеринария" адистиги боюнча орто кесиптик адистерди даярдоого;

3.3.Мекеменин кызматкерлерине милдеттүү болгон эмгек тартибин жана лабораториянын ички эрежелерин өздүк гигиенасын студенттер тарабынан сактоону камсыз кылуу;

3.4. Квалификациялык талапка ылайык окутуучулардын арасынан практиканын жетекчисин дайындоо;

3.5. Мекеменин адистери менен бирдикте студенттер үчүн дуалдык окутууну уюштуруу, семинарларды, тегерек столдорду өткөрүү жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын маселелерин, практиканын бардык түрлөрүнүн иш программаларын, лабораториялык жана практикалык сабактардын темаларын координациялоо;

3.6. Мекеменин адистери менен лекцияларды жана экскурсияларды өткөрүү, ошондой эле практиканын негизинде окуу сабактарын уюштуруу планын иштеп чыгуу жана макулдашуу.

4. Келишимдин мөөнөтү: 5 жыл

Эки тараптын кол тамгалары:

| | |
|---|---|
| ТАЭКнин директорунун м.а. : | ТЗВЛнын директору: |
| Алымкулов Бактыбек Бекболсунович | Момбеков Илияс Байысбекович |

# Кызматташуу боюнча эки тараптуу келишим № 3

«7» сентябрь 2022-ж. Талас. ш.

Биз, биринчи тараптан Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Бактыбек Бекболсунович, кийинки аталышы ТАЭК, экинчи тараптан Талас жерге жайгаштыруу экспедициянын жетекчиси Карабаев М.Р., кийинки аталышы "ТЖЖЭ", эки тараптуу келишим түздүк.

**1.Келишимдин предмети:**

1.1. ТАЭК-нин "Жерге жайгаштыруу" адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарын талдоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү;
1.2. ТАЭК студенттерин окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикаларын өткөрүү;
1.3. Студенттерге дуалдык, бинардык сабак өтүүнү уюштуруу;

**2. ТАЭК милдеттенет:**

2.1. "Жерге жайгаштыруу" адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарын ушул адистик боюнча мамлекеттик стандарттардын негизинде даярдоого;
2.2. "Жерге жайгаштыруу" адистигинин окуу процессине тиешелүү болгон иш кагаздарын талкуулоого, макулдашууга сунуштоого;
2.3. Окуу процессинин графигинин негизинде практиканын бардык түрлөрүнө студенттерди жиберүүгө;
2.4. Колледждин окутуучуларынан практика жетекчилерин дайындоого;
2.5. Студенттердин практикага келип кетүүсүн көзөмөлдөөгө;
2.6. Кесиптик сабактардын окутуучуларын макулдашуу менен стажировкага жиберүүгө;
2.7. "Кадастр" мекемесинин тажырыйбалуу адистерин жолугушууларга, тегерек столдорго, дуалдык, бинардык окутуу боюнча тренинг, семинарларга, мамлекеттик сынактарга чакырууга;
2.8. "Кадастр" мекемесинин берген сунуштары, сын пикирлери боюнча окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө

**3. ТЖЖЭ милдеттенет:**

3.1. ТАЭК студенттерин практика өтүүгө кабыл алууга;
3.2. Мекеменин кызматкерлеринен практика жетекчилерин дайындоого;
3.3. ТАЭК сунуштаган негизги кесиптик билим берүү программаларына, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарына сын пикирлерди, сунуштарды берүүгө;
3.4. ТАЭК-не тажырыйбалуу адистерди жолугушууларга, тегерек столдорго, дуалдык, бинардык окутуу боюнча тренинг, семинарларга, мамлекеттик сынактарга жиберүүгө;
3.5. Социалдык өнөктөш жана жумуш берүүчү катары дуалдык сабактарды өткөрүүгө жардам берүүгө;
3.6. Кесиптик сабактардын окутуучуларын стажировкага кабыл алууга жана жаңыдан пайдаланууга келген жабдуулар, ченем актылары туурасында маалыматтар менен бөлүшүүгө;
3.7. Практика өтүү мөөнөтү окуу пландын негизинде жүргүзүлөт.
4. Келишимдин мөөнөтү: 5 жыл

Эки тараптын кол тамгалары

| | |
|---|---|
| ТАЭК директорунун м.а.: | ТЖЖЭ жетекчиси: |
| Б.Б. Алымкулов | Карабаев М.Р. |

# Кызматташуу боюнча эки тараптуу келишим № 4

«__7___» сентябрь 2022-ж. Талас. ш.

Биз, биринчи тараптан Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Бактыбек Бекболсунович, кийинки аталышы ТАЭК, экинчи тараптан "Кадастр" Мамлекеттик мекеменин Талас шаардык филиалынын директору Абдрахманов Мукай Талайбекович, кийинки аталышы "Мекеме", эки тараптуу келишим түздүк.

**1. Келишимдин предмети:**

1.1. ТАЭК-нин "Жерге жайгаштыруу" адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарын талдоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү;
1.2. ТАЭК студенттерин окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикаларын өткөрүү;
1.3. Студенттерге дуалдык, бинардык сабак өтүүнү уюштуруу;

**2. ТАЭК милдеттенет:**

2.1. "Жерге жайгаштыруу" адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарын ушул адистик боюнча мамлекеттик стандарттардын негизинде даярдоого;
2.2. "Жерге жайгаштыруу" адистигинин окуу процессине тиешелүү болгон иш кагаздарын талкуулоого, макулдашууга сунуштоого;
2.3. Окуу процессинин графигинин негизинде практиканын бардык түрлөрүнө студенттерди жиберүүгө;
2.4. Колледждин окутуучуларынан практика жетекчилерин дайындоого;
2.5. Студенттердин практикага келип кетүүсүн көзөмөлдөөгө;
2.6. Кесиптик сабактардын окутуучуларын макулдашуу менен стажировкага жиберүүгө;
2.7. "Кадастр" мекемесинин тажрыйбалуу адистерин жолугушууларга, тегерек столдорго, дуалдык, бинардык окутуу боюнча тренинг, семинарларга, мамлекеттик сынактарга чакырууга;
2.8. "Кадастр" мекемесинин берген сунуштары, сын пикирлери боюнча окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө

**3. Мекеме милдеттенет:**

3.1. ТАЭК студенттерин практика өтүүгө кабыл алууга;
3.2. Мекеменин кызматкерлеринен практика жетекчилерин дайындоого;
3.3. ТАЭК сунуштаган негизги кесиптик билим берүү программаларына, предметтердин, практикалардын календардык тематикалык пландарына сын пикирлерди, сунуштарды берүүгө;
3.4. ТАЭК-не тажрыйбалуу адистерди жолугушууларга, тегерек столдорго, дуалдык, бинардык окутуу боюнча тренинг, семинарларга, мамлекеттик сынактарга жиберүүгө;
3.5. Социалдык өнөктөш жана жумуш берүүчү катары дуалдык сабактарды өткөрүүгө жардам берүүгө;
3.6. Кесиптик сабактардын окутуучуларын стажировкага кабыл алууга жана жаңыдан пайдаланууга келген жабдуулар, ченем актылары туурасында маалыматтар менен бөлүшүүгө;
3.7. Практика өтүү мөөнөтү окуу пландын негизинде жүргүзүлөт.
4. Келишимдин мөөнөтү: 5 жыл

**Эки тараптын кол тамгалары:**

ТАЭК директорунун м.а.: ____________ Б.Б. Алымкулов

"Кадастр" Мамлекеттик мекеменин Талас шаардык филиалынын директору: ____________ Абдрахманов М.Т.

# КЕЛИШИМ №5

«8» сентябрь 2022-ж. Талас ш.

Биз, төмөнкү кол коюучулар, биринчи тараптан Талас электр тармак ишканасынын директору Султанов А.Ж., кийинки аталышы ТЭТИ, экинчи тараптан Талас агрардык-экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Б.Б., кийинки аталышы ТАЭК эки тараптуу келишим түздүк:

**1. ТЭТИ милдеттенет:**

- ТАЭКнин сунуштаган окуу процессинин графигине ылайык студенттерди окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикага кабыл алуу;
- Практика учурунда студенттер үчүн эмгектин коопсуздугунун талаптарына ылайык шарттарды түзүү;
- Студенттердин окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын программасы боюнча көндүмдөрдү өздөштүрүүгө зарыл болгон көрсөтмөлөрдү, кабинеттерди, китепкананы, иш-кагаздарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүү;
- Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика аяктаганда ар бир студентке программанын аткарылышына карата мүнөздөмө берүү;
- ТАЭК өткөргөн тегерек стол, жолугушууларда негизги кесиптик билим берүү программаларын талкуулоого катышып, аны жакшыртуу, өзгөртүү боюнча иш берүүчүнүн көз карашындагы сын пикирлерди жана сунуштарды берүү;
- ТАЭК менен бирдикте практикага багытталган дуалдык билим берүүнү уюштуруу жана өркүндөтүү программаларын иштеп чыгуу;
- Өндүрүштөгү акыркы техникалык, технологиялык жабдуулар, автоматташтыруу каражаттарынын өзгөрүүлөрү боюнча кесиптик сабактардын окутуучуларын стажировкадан өткөрүү;
- Жумуш берүүчү жана социалдык өнөктөш катары Мамлекеттик сынактарга катышуу үчүн квалификациялуу адистерди жиберүү;

**2. ТАЭК милдеттенет:**

- Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика башталганга чейин окуу программасын жана аны өткөрүүнүн календардлык графигин жана студенттердин тизмесин сунуштоо;
- “Айыл чарбасын электрлештирүү жана автоматташтыруу” адистиги боюнча орто кесиптик адистерди даярдоону КРнын билим берүү стандартынын окуу планынын негизинде жүргүзүү.
- Квалификациялык талапка ылайык, окуу планында каралган сааттарды бөлүштүрүүнүн негизинде практика жетекчисин дайындоо.
- Практикага жөнөтүлгөн студенттерди мекеменин кызматкерлерине милдеттүү болгон эмгек тартиби жана ишкананын ички эрежелери менен тааныштырылып студенттердин ошол тартип эрежелерин камсыз кылуу;
- Окуу пландын негизинде практиканын бардык түрү боюнча студенттерди практикага жиберүү;
- ТЭТИнын тажрыйбалуу адистери менен окуу, практика пландарды жана лабораторддук-практикалык иштерди макулдашуу.

3. Келишимдин мөөнөтү 5 жыл

Эки тараптын кол тамгалары:

| | |
|---|---|
| ТАЭКнин директорунун м.а. | ТЭТИнын директору: |
| ________________ | ________________ |
| Алымкулов Б.Б. | Султанов А.Ж. |

# Социалдык өнөктөш боюнча эки тараптуу келишим. п 6

«___9___» ___сентябрь___ 2022-ж. Талас ш.

Талас агрардык-экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Б.Б. биринчи тараптан, кийинки аталышы “Колледж”, экинчи тараптан Талас облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси Бараков Б.А., кийинки аталышы “Мекеме” эки тараптуу келишим түздүк

**1. Колледж милдеттенет:**

- КР билим берүү стандарт, окуу пландын негизинде “Экономика жана бухгалтердик эсеп”, “Финансы” адистиги боюнча орто кесиптик адистерди даярдоо;
- Окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикага окутуучулар арасынан практика жетекчисин дайындоо;
- Окуу пландын негизинде студенттерди окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикага жиберүү;
- Колледждин окутуучулары тарабынан практика өткөрүү боюнча усулдук жардам көрсөтүү, программаларын түзүү;
- Окуу, практика пландарды жана лабораторлук-практикалык иштерди макулдашуу;
- Мекеменин кызматкерлерине милдеттүү болгон эмгек тартибин жана ишкананын ички эрежелерин студенттерге тааныштыруу жана милдеттендирүү;

**2. Мекеме милдеттенет:**

- Практика өтүү үчүн студенттерди кабыл алуу;
- Практика учурунда эрежеге ылайык студентердин коопсуздугун сактоо;
- Укуктук актылар менен таанышкандан кийин коопсуздук техникасы боюнча нускоодон өткөзүү;
- Студенттердин окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практиканын программаларын ийгиликтүү өздөштүрүүгө жана жеке тапшырмаларды аткарууда зарыл болгон көрсөтмөлөрдү, кабинеттерди, китепкананы, иш-кагаздарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүү;
- Практикантка купуя маалыматтар жана жайылтуу чектелген кызматтык маалыматтар камтылган документтерден тышкары бардык документтер менен тааныштырууга мүмкүнчүлүк берүү;
- Жумуш берүүчү жана социалдык өнөктөш катары Мамлекеттик сынактарга катышуу;
- Практика өтүп жаткан учурда дасыккан кызматкерлердин ичинен жетекчи дайындоо, студенттерге усулдук жардам көрсөтүү, берилген тапшырмалардын сапатын текшерүү, практиканы аяктагандан кийин мүнөздөмө берүү;
- Чакырылган учурда тегерек столго катышып окуу, практика пландарды, лабораторлук-практикалык иштерди, мамлекеттик сынактардын суроолорун талкууга алып, усулдук жардам көрсөтүү;
- “Ачык эшик күнү” жана “Статистикалык маалыматтар интернет желесинде” иш-чараларды өткөрүүдө ТАЭКнин студенттерин чакыруу.
- Окуу планында каралган жалпы кесиптик предметтерди өтүүдө Улутстаткомдун тарабынан чогултулуп жана иштелип чыккан статистикалык жыйнактар жана басылмалар, экспрес-маалыматтар менен камсыздоого жардам берүү.

3. Келишимдин мөөнөтү 5 жыл.

## Эки тараптын кол тамгалары:

| | |
|---|---|
| Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун м.а. | Талас облусттук статистика башкармалыгынын жетекчиси: |
| ____________________ | ____________________ |
| Алымкулов Б.Б. | Бараков Б.А. |

# Социалдык өнөктөш боюнча эки тараптуу

КЕЛИШИМ №7

«__9__» __сентябрь__ 2022-ж. Талас шаары

Биз, төмөнкү кол коюучулар, биринчи тараптан Талас агрардык экономикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Алымкулов Бактыбек Бекболсунович, мындан ары ТАЭК, экинчи тараптан Талас райондук ветеринардык башкармалыгынын башчысы Итикеев Улан Тургунбекович, мындан ары ТРВБ, эки тараптуу келишим түздүк.

**1. Келишимдин предмети:**

1.1. «Ветеринария» адистиги боюнча адистерди даярдоодо өз ара жардам көрсөтүү;

1.2 Билим берүү программасын өркүндөтүү жана билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу максатында, Талас агрардык экономикалык колледжи студенттерге практикалардын бардык түрлөрүн өткөрү;

1.3. Талас агрардык экономикалык колледжинин “Ветеринария” адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасын, предметтерин, практикалардын календардык тематикалык пландарын талдоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү;

**2. ТРВБ милдеттенет:**

2.1 ТАЭКнин сунуштаган окуу графигине ылайык студенттерге өндүрүштүк (квалификациялык) практика өткөрүү үчүн жумушчу орун берүү жана эмгектин коопсуздугун камсыз кылган эрежеге ылайык шарттарды түзүү;

2.2. Студенттерге практиканын бардык түрлөрүн өтүүгө жардам көрсөтүүгө;

2.3. Студенттерге идентификациялык программалар боюнча жана мезгилдик эмдөөлөрдүн жүрүшүнүн түрлөрү менен тааныштыруу;

2.4.Мезгилдик эмдөөлөрдүн жүрүшүндө студенттерди ветеринардык адистин коштоосунда ишке тартууга жана коопсуздугун сактоого;

2.5. Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика аяктаганда ар бир студентке программанын аткарылышына карата мүнөздөмө берүү;

2.6. Колледж өткөргөн тегерек стол, жолугушууларда окуу, практика пландарды жана лабораторддук-практикалык иштерди талкууга алып, усулдук жардам көрсөтүү;

2.7.Жумуш берүүчү жана социалдык өнөктөш катары Мамлекеттик сынактарга катышуу;

**3. ТАЭК төмөнкүлөргө милдеттенет:**

3.1. Окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практика башталганга чейин окуу, өндүрүштүк, квалификациялык практиканын программасын жана аны өткөрүүнүн календарлык графигин жана студенттердин тизмесин сунуштоо;

3.2. КР билим берүү стандартынын, окуу планынын негизинде “Ветеринария” адистиги боюнча орто кесиптик адистерди даярдоого;

3.3.Мекеменин кызматкерлерине милдеттүү болгон эмгек тартибин жана эрежелерин өздүк гигиенасын студенттер тарабынан сактоону камсыз кылуу;

3.4. Квалификациялык талапка ылайык окутуучулардын арасынан практиканын жетекчисин дайындоо;

3.5. Мекеменин адистери менен бирдикте студенттер үчүн дуалдык окутууну уюштуруу, семинарларды, тегерек столдорду өткөрүү, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын маселелерин, практиканын бардык түрлөрүнүн иш программаларын, лабораториялык жана практикалык сабактардын темаларын координациялоо;

3.6. Мекеменин адистери менен лекцияларды жана экскурсияларды өткөрүү, ошондой эле практиканын негизинде окуу сабактарын уюштуруу планын иштеп чыгуу жана макулдашуу.

4. Келишимдин мөөнөтү: 5 жыл

Эки тараптын кол тамгалары:

ТАЭКнин директорунун м.а. : ____________
Алымкулов Бактыбек Бекболсунович

ТРВБнын директору: ____________
Итикеев Улан Тургунбекович